# Мойнок



Автор: Венера Турдумамбетова

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Мойнок

Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Мойнок» (кыргыз тилинде), автор Венера Турдумамбетова, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жайлоо. Айлананын кооздугу көз жоосун алат. Боз үйдүн көлөкөсүндө иттер ысыктан тилдерин салаңдатып жатышат.

Ал аңгыча Алибектин апасы сүйлөнүп кирди.

– Балдарды кой дебейлиби. Биз мал бакпай эле ит багабызбы? Боорукерликтин да чеги бар да. Өткөндө сүзмө баштыгын алдырдым. Бакандагы этти жула качышты, – деди күбүрөнүп.

– Алибектин боорукер болуп, жаныбарларды аяганы жакшы да, – деп атасы комузун кыңылдатып чертип жатты.

Комуздун күүсү менен ойго батып, балалык чагы эске түштү...

Өзү төртүнчү класста окуп жүргөндө, атасы малчылар калтырып кеткен үч күчүктү жайлоодон куржунуна сала келген. Кошуналардын балдары заматта жете келишип, талашка түшүп, короо ызы-чууга бөлөнүп эле жатып калды. Үйдө тон тигип отурган Алымкулдун чоң энеси эшикке чыкканда, балдардын баары тып эле басылышты.



Комуздун күүсү менен ойго батып, балалык чагы эске түштү...

Өзү төртүнчү класста окуп жүргөндө, атасы малчылар калтырып кеткен үч күчүктү жайлоодон куржунуна сала келген. Кошуналардын балдары заматта жете келишип, талашка түшүп, короо ызы-чууга бөлөнүп эле жатып калды. Үйдө тон тигип отурган Алымкулдун чоң энеси эшикке чыкканда, балдардын баары тып эле басылышты. Чоң энени бүтүндөй айыл эли сыйлай турган. Чоң эне күчүктөрдү алып, оонатып көрүп, өңү чымкый кара баркыттай, мойнунда агы бар күчүктү Алымкулга берип, небересинин, маңдайынан сылап өөп койду.

– Бул – Алымкулдун ити. Аты Мойнок болсун деп айтканда, кубанганынан чоң энесинин колдорун өпкүлөп жиберди.

– Рахмат, чоң эне!

Алымкул калган күчүктөрдү досторуна таратып берди. Бул күнү Алымкул күчүгү менен ойноду. Алымкул атасы экөөлөп күчүккө жыгачтан уя жасашты. Мойнок оюнкараак, короочу ит болуп чыга келди. Мойнокту уй тоскону дайыма ээрчитип алчу. Топ ойногон балдар менен куушуп ойногондо, Мойнок да кошо ары-бери чуркап жүрө берчү.

Балдардын эртели-кеч эрмектери Мойнок болчу.

Арадан көптөгөн жылдар өттү. Бул убакыт аралыгында Мойнок бул үй-бүлөгө гана эмес, бүтүндөй айылдын сүймөнчүлүгүнө айланган эле. Себеби өзүнүн гана эмес, кошуналардын уйларын бададан бөлүп айдап келе турган. Жайлоодон түнкүсүн чырм этип көзүн жумбастан, короодогу койлорду кайтарчу. Тоо жаңыртып үргөн үнүнөн карышкырлар короого даап басып келе алчу эмес.

Алымкулдун эже-карындаштары да үй-бүлө куруп, калгандары шаардагы окуу жайларында окуган мезгилге жеткен. Алар кат-кабарда, сөзсүз «Мойнок жүрөбү? Бизди сагынгандыр» деген сөздөрүн дагы кошуп жазышчу.

Мезгил закымдап өтүп жатты. Алымкулду аскер кызматын өтөөгө чакырышты. Мойнок адамдардай акылдуу, боорукер, жароокер эле. Алымкулду узатар күнү машинанын артынан үрүп чуркап барган ит, айылдын четинде кечке чейин отуруп, анан үйүнө тартты.



Мойнок үчүн эки жыл күтүү менен өттү. Мурдагыдай шыйпаңдабай, чуркап короо айланбай да калды. Күн сайын Алымкулду узаткан жерге барып, жол карап турар эле. Чоң эненин ал акыбалын сурап келген айылдаштары Мойноктун көрүнбөй калганын сурашканда:

– Ал экөөбүз карыбадыкпы. Анын менден бешбетер кулагы да укпай, көзү да көрбөй калды окшойт, – деп чоң эне кобурап калчу.

Мойнок менен чоң эненин күткөнү небереси Алымкулдун келиши эле. Канаттары болсо учуп барып, сагынычтарын таратып, эркелешип, жытташып келсек деп экөө эки жерде көздөрүн жылтылдатып, кыялданып жатышчу.



Күткөн күн келди.

– Сүйүнчү! Сүйүнчү! Алымкул байкем келе жатат!

Сүйүнчү сураган балдар чоң эненин качан сандыгын ачып, таттууларын чачат дегенсип, көздөрүн албай турушту.

– Оо ананайындар, оозуңарга май, кетирейген мурдуңардан, сүйүнчү айткан оозуңардан тегеренейин, мына алгыла, – деп кочуштап чачкан момпосуйларды балдар терип жүрүштү.

Чоң эне небересин көргөнүнө сүйүнүп, алкап, батасын берди. Алымкул кимдир бирөөнү көз жүгүртүп издеп жатты. Чуркап чыгат эле, секирип эки буттап бетимен аймалачу эле. Тынчсызданууу жүрөгүн болк эттирип алды. Баарын сезип, туюп турган чоң эне небересин жетелеп, уя тарапка басты.



– Мойнок! Мойнок! Досуң келди! – деди чоң эне. Чоң эненин сөзүн жакындан эшиткен Мойнок куйругун шыйпаңдатууга алы келбей араң басып чыгып, Алымкулдун бутунун жанына жатып калды. Анын жаак ылдый көз жашы агып турду.

– Ата, ата, эмнеге ыйлап жатасыз?

Алибектин үнү ойго баткан атасынын көңүлүн буруп жиберди.

– Мен токойдон күчүк таап алдым. Караңызчы, кандай сонун күчүк. Атын эмне деп коёюн? Балтекпи? Учарбы? – деп Алибек божурап жатты. Жанатан бери балалыгын эстеп, ойго батып отурган Алымкул ата:

– Уулум, бул күчүктүн атын Мойнок коёлу. Кечинде сага өзүмдүн итим жөнүндө айтып берем, – деди атасы күчүктү эркелетип жатып.

– Сонун ат экен. Мага да жакты, – деп Алибек сүйүнүп калды.

Эртең атасы экөө Мойнокко уя салат.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**